БЕКИТЕМИН
Директор
Исанова Ж.М
30.08.2020-ж. №1 педкеңештин
чечими менен бекитилди

# Зомбулуксуз эркин балалык жана коопсуз билим берүүчүлүк жөнүндө ЖОБО

Балдар укугунун Конвенциясынын жана "Зомбулуксуз мектеп" программасынын талаптарына ылайык

Зомбулуктан эркин болгон жана коопсуз билим берүүчүлүк чөйрө – сапаттуу билим алуунун маанилүү шарты болуп саналат, жана аны ишке ашыруу мектептик өзүнөзү башкаруу органдарынын активдүү катышуусу менен көп учурда мектеп директорлорунан, мугалимдерден, психологдордон, ата-энелерден көз каранды болот. Окуу чөйрөсү саламат, коопсуз болушу керек, адамдарга карата кайрымдуу мамилеге көмөк көрсөтүшү керек. Ошол эле учурда төмөнкүлөр камсыздалышы керек:

1. тиешелүү даражада суу менен жана тийиштүү санитардык нормалар менен камсыз болушу керек;
2. саламаттыкты сактоо жана тамактануу кызматтарна түз жана кыйыр кирүү;
3. мугалимдердин, окуучулардын жана алардын ата-энелеринин физикалык, психосоциалдык жана эмоционалдык абалын жакшыртууга көмөктөшкөн тийиштүү саясат жана жүрүм-турум кодекси;
4. сөзүн-өзү сыйлоону, ден-соолукту жана жеке коопсуздукту бекемдөө үчүн зарыл билимдерди, социалдык көз караштарды, баалулуктарды жана турмуштук көндүмдөрдү өздөштүрүүгө көмөктөшкөн билим берүүнүн мазмуну жана практикасы.

Жагымдуу, ишенимге жана урматтоого негизделген билим берүүчү чөйрө билим берүү мекемелериндеги зомбулуктун алдын-алуу үчүн зарыл шарт болуп саналат. Зомбулуктун алдын-алуу жана аны жеңип чыгуу боюнча туруктуу жана узак мөөнөттүү жыйынтык көптөгөн факторлор менен камсыз болот.

## Зомбулукка карата №87 жалпы орто билим берүүнүн саясаты

- Зомбулукка карата биздин мектептин – мектеп администрациясы, педагогикалык жамааты, окуучулар жана алардын ата-энелери тарабынан зомбулукту, анын түрлөрүн жана формаларын жалпы түшүнүүнү бекемдеген жана алардын зомбулуктун бардык көрүнүштөрүнө каршы турушунун жалпы колдоосун чагылдырган документ.
- Бул документ билим берүү жөнүндөгү жана балдарды ырайымсыз мамиледен коргоо жөнүндөгү улуттук мыйзамдарга негизделет жана алардын жоболорун

билим берүү мекемесининн бардык катышуучулары үчүн зомбулуктун көрүнүштөрүнө жана аларга чара көрүү боюнча аракеттеринин алгоритмине жана жүрүм-турум эрежелерине кошуп көрсөтөт.

- "Зомбулукка карата мектептин саясаты" жобосу мектептин жалпы чогулушу (кеңеши)тарабынан бекитилет жана билим берүүчүлүк мамилелердин бардык катышуучуларына маалымдалат.
- Жалпы жоболору мектептин уставында, окуучулары үчүн жүрүм-турум эрежелеринде жана кызматкерлер үчүн эмгек тартибинде, жетекчинин, педагогдордун (мугалимдердин, класс жетекчилеринин, психологдордун, социалдык педагогдордун, тьюторлордун, тарбиячылардын) жана кызматкерлердин (көмөкчү жана техникалык кызматкерлердин кызматтык милдеттемелеринде, билим берүү кызматтарын көрсөтүү келишимдеринде, башка документтерде чагылдырылышы керек..
- Билим берүү мекемелериндеги зомбулуктун деңгээлин төмөндөтүү, окуучулар үчүн коопсуз чөйрөнү түзүүдөгү бардык кызыктар тараптардын аракеттерин консолидациялоо максатында Кыргызстанда 2011-жылдан бери "Зомбулуксуз мектеп" тарбиялык иштер программасы ишке кийирилип келүүдө. Биздин мектептеги иштер да ушул програмалардын талаптарына ылайык жүрөт.
- Программа мектептеги зомбулук маселелерин чечүүгө карата принципиалдуу түрдө башка мамилени көрсөтөт – мектеп администрациясы жана билим берүү процессинин катышуучулары тарабынан зомбулук фактыларын милдеттүү түрдө таанууга негизделген билим берүү процессинин түз жана кыйыр субъекттеринин аракеттеринин биргелешкен планы, ошондой эле балдарды жана алардын ата-энелерин окуу жайдагы зомбулуксуз жүрүм-турум нормаларын иштеп чыгууга, конфликттик кырдаалдарды чечүү жана чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусу жана тартылып аралашуусу.

Мектептин уставы (Жобосу)

- Мектеп уставдын негизинде иштейт, анда мекеменин ишмердүүлүгүн мыйзамдарга ылайык жөнгө салуучу негизги жоболор камтылат. Уставдын бөлүмдөрүнө билим берүүчүлүк мамилелердин бардык катышуучуларынын ортосундагы мамилелерде зомбулукка жана дискриминацияга жол берилбестиги тууралуу, алардын укуктары, милдеттери жана буга байланыштуу аракеттери тууралуу жоболор киргизилген.
- Мектептин жүрүм – турум жана ички тартип эрежелери
- Мектептин ишмердүүлүгүн жөнгө салган маанилүү документ болуп окуучулар жана кызматкерлер үчүн жүрүм-турум эрежелери (ички эмгек тартиби) саналат.
- Устав сыяктуу эле, жүрүмтурум эрежелери менен бардык окуучулар, алардын ата-энелери жана окуу жайдын кызматкерлери тааныш болушу керек.
- Окуучулар үчүн жүрүм-турум эрежелери алардын катышуусу менен иштелип чыгышы керек. Окутуунун ар түрдүү тепкичтериндеги – баштапкы, орто жана жогорку мектептеги жүрүм-турум эрежелерин аныктоодон баштоо максатка ылайыктуу, ал үчүн ар бир класста төмөнкүлөрдү талкуулоо керек:
- Сабак учурунда, спорттук оюндарда, танапис учурунда жана сабактан тышкаркы иш-чараларда окуучулардын тартип жана жүрүм-турум менен байланышкан

негизги маселелерди, анын ичинде зомбулуктук мүнөздөгү аракеттерди жана дискриминациянын көрүнүштөрүн;

- Мектептин мугалимдери, жетекчилиги жана башка кызматкерлеринин окуучулар тарабынан зомбулук жана дискриминация сыяктуу кабыл алынган, алардын кыжырдануусун жараткан, тарбиялык иш-чаралары жана жүрүм-турумдары;
- Мектептин окуучулары, мугалимдери, соц.окутуучусу , жетекчилери жана кызматкерлери тарабынан көрүлгөн, конфликттерден оолак болууга жана аларды зомбулуксуз ыкма менен чечүүгө жардам берген, аракеттерди;
- Эрежелер мектептин (окуу жайдын) уставына, билим берүү системасынын жана балдарды ырайымсыз мамиле кылуудан коргоо сферасын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу мыйзамдарга төп келиши керек.

## Мектептин кызматкерлери үчүн ички эмгек тартип эрежелеринде

- Педагогикалык жана эмгек этикасынын нормалары, окуучуларга жана өзүнүн кесиптештерине карата сыйлабагандыкка дискриминацияга, коркутууларга кодулоолорго, физикалык жана психологиялык зомбулукка жол берген, кызматкерлерге карата билим берүү мекемесинин жетекчилиги тарабынан көрүлүүчү чаралар, ошондой эле окуучулар тарабынан кодулоолорго же зомбулукка кабылган кызматкерлерди коргоо боюнча чаралар да көрсөтүлөт. Эрежелер билим берүү мекемесинде болгон чыныгы же божомолдонгон зомбулук тууралуу билип калганда же анын күбөсү болгон учурлардагы кызматкерлердин аракеттерин аныктайт.

## Зордук-зомбулуктун алдын-алуу боюнча иш-чаралардын планы

- Зомбулукту токтотуу жана ага жооп кайтаруу боюнча билим берүүчүлүк мамилелердин бардык катышуучуларынын аракеттерин жөнгө салуучу нормативдик-укуктук документтердин пакети билим берүү мекемесинде калыптанган учурда, администрацияга жана педагогикалык жамаатка зомбулуктун натыйжалуу алдын-алуу үчүн шарттарды түзүү боюнча чаралардын тизмесин жана тартибин аныктоо зарыл. Бул максатта зомбулуктун алдын-алуу боюнча иш-чаралар планы иштелип чыгат. Планда ишчаралар, алардын аткарылыш мөөнөттөрү, жооптуу тараптар же кызматтар көрсөтүлөт.

## МЕКТЕПТИН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ЖООПКЕРЧИЛИГИ ЖАНА АРАКЕТТЕРИ

- Окуучулардын мектептеги коопсуздугу бардык бөлүмдөрдүн жана кызматтардын ишинин уюшкандыгынан жана тактыгынан, билим берүүчүлүк мамилелердин катышуучуларынын жана тейлөөчү кызматкерлеринин баардыгы тарабынан мектептеги нормативдик документтердин: уставдын, жүрүм-турум эрежелеринин, эмгек тартибинин эрежелеринин, кызматтык жетекчилик көрсөтмөлөрдүн, буйруктардын, көрсөтмөлөрдүн талаптарынын аткарылышынан көз каранды.
- Бул максатта ар бир кызматкерге, анын кызматтык жетекчилик көрсөтмөлөрүндөгү, же болбосо айрым нормативдик актылардагы (буйрук, көрсөтмө, регламент) компетенциясына жана милдеттерине жараша зомбулукту токтотуу боюнча жана зомбулук болгон окуяларга жооп жасоо боюнча функцияларды жана мүмкүн болгон аракеттерди бекитет.

- Билим берүүчү мекеменин **Жетекчиси (директор)** билим берүү процесси учурунда окуучулардын жана илим берүү мекемесинин кызматкерлеринин өмүрүнө жана саламаттыгына, алардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына,улуттук мыйзамдардын тартибинде бекитилген жеке жоопкерчиликте болот.

Директор:

- Окуучулардын ата-энелери менен, анын ичинде, ата-энелер комитети, класс жетекчилер, башка кызматкерлер аркылуу байланышты кармап турат;
- окуу жайдын бардык кызматкерлерин зомбулуктун алдын-алуу жана аны аныктоо, токтотуу жана конфликттин катышуучуларына жардам көрсөтүү көндүмдөрүнө окутуу үчүн шарттарды түзөт;
- Коопсуз жана боорукер билим берүүчүлүк чөйрөнү жана билим берүү мекемесинде позитивдүү социалдык-психологиялык климатты түзүүнү жана аны кармап турууну камсыздайт;
- Зомбулуктун алдын-алуу жана ага жооп кайтаруу максатында билим берүүчүлүк мамилелердин катышуучуларынын баардыгынын аракеттери жана жоопкерчилигин жөнгө салуучу документтерди (устав, зомбулукка карата саясат, жүрүмтурум эрежелери) иштеп чыгууну камсыздоо;
- Билим берүүчүлүк мамилелердин катышуучуларынын баардыгына билим берүү мекемесинин зомбулукка карата саясаты, жүрүм-турум эрежелери жана ички эмгек тартиби тууралуу маалымдайт;
- Билим берүү мекемесинин ичинде да (коопсуздук кызматы, медициналык кызматкер), ошондой эле анын аймагынан тышкары жактарда да (ички иштер органдары, эрезеге жете электер менен иштөө боюнча инспекция, Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, медициналык мекемелер, адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу ж.б.) коопсуздукту камсыздаган кызматтар менен өз ара аракеттешүүнү уюштурат;
- Педагогдор жана кызматкерлер тарабынан окуучулардын жана билим берүү мекемесинин кызматкерлеринин укуктарынын, этикалык нормалардын сакталышына системалуу түрдө көзөмөл жүргүзөт;
- Маал-маалы менен билим берүү мекемесиндеги абалга мониторинг жүргүзөт жана зомбулук менен байланышкан окуяларды дайыма анализдейт; керек болгон учурда коопсуздукту камсыздоо боюнча жетектөөчүлүк чечимдерди кабыл алат, зомбулуктун алдын-алуу жана көрүлгөн чаралар боюнча иштердин планына оңдоп-түзөөлөрдү киргизет;

- **Социалдык педагог** мектепте зомбулукка карата саясатын, атайын чараларды мектептин жана анын айрым бөлүмдөрүнүн жана кызматтарынын иш планына кийирүү аркылуу ишке ашырууну камсыз кылат;
- Билим берүүчүлүк мамилелердин бардык катышуучуларына зомбулук болгон же аны жасоо аракеттери тууралуу билдирүүнүн каражаттарын жана каналдарынсунуштайт, бардык билдирүүлөрдүн катталышын жана каралышын, өз убагында жана объективдүү иликтенишин жана зомбулук жасалгандыгы аныкталган ар бир окуя боюнча чара көрүүнү камсыз кылат;
- Зомбулук жасалгандыгы же аны болушун шарттаган окуялар жөнүндө окуучулардын ата-энелерине (жабырлануучу окуучунун да, ошондой эле зомбулук көрсөткөн окуучунун да) жана, зарыл болгон учурларда, жогору турган органдарга жана атайын

кызматтарга (милиция, тез медициналык жардам) өз убагында маалымдалышын камсыз кылат;

- Зомбулуктун алдын-алуу, даттанууларды жана зомбулук окуяларын талдоо, ага катышкан тараптарга жардам көрсөтүү максатында айрым адистердин же кызматтардын (психологдун, социалдык педагогдун, баланын укуктары боюнча ыйгарым укуктуунун) ишин уюштурат;
- Педагогдор жана кызматкерлер тарабынан окуучулардын жана билим берүү мекемесинин кызматкерлеринин укуктарынын, этикалык нормалардын сакталышына системалуу түрдө көзөмөл жүргүзөт;
- Мектептеги коопсуздукту камсыздоо боюнча чаралар тууралуу билим берүү башкармалыгынын жогорку органдарынын алдында отчет берет.
- Болгон окуяны жана келечекте мындай окуялардын болушун алдын-алуу мүмкүнчүлүктөрүн талкуулоо үчүн педагогдордун жана кызматкерлердин кеңешмесин, ата-энелер жыйналышын, окуучулар үчүн класстык сааттарды өткөрүүнү уюштуруу.
- Эгер зомбулук фактысы, дароо тез медициналык жардамды (физикалык жарат, кан кетүү, эс-учунан тануу, психологиялык шок, өзүнөн чыгуу ж.б.) талап кылган кесепеттерге туш кылса, соц.окутуучу:

- Жабырлануучу үчүн тез медициналык жардамды чакырууну жана медициналык кызматкердин жана алгачкы жардам көрсөтүү көндүмдөрүн окуган башка

кызматкерлердин күчү менен ага алгачкы жардам көрсөтүүнү камсыз кылат; Жабырлануучу окуучунун ата-энесине да ошондой эле зомбулук көрсөтүүчүнүн ата-энесине да болгон окуя тууралуу кабарлоону камсыз кылат, алар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт, жабырлануучуну коргоо жана ага жардам берүү чараларын, зомбулук көрсөтүүчү тарапка карата тарбиялык жана дисциплинардык чараларды, ошондой эле анын жүрүм-турумун өзгөртүшү үчүн зарыл психологиялык жардамды талкуулайт.

- Ата-энелерге маалымдоо тууралуу чечимди кабыл алып жатып, бул жагдай, жабырлануучуну же зомбулук көрсөтүүчү тарапты, аларга карата зомбулукту колдонуу же ата-энелер тарабынан башка зыян келтирүү коркунучун жараткан кырдаалдын баарын эске алуу керек.

Директордун тарбия иштери боюнча орун басары

- Мектеп директору тарабынан ага жүктөлгөн функциялар (милдеттер) үчүн жоопкерчиликте болот.Эгер мектептин жетекчиси зомбулуктун алдын-алуу жана ал болгон учурларда чара көрүүлөрдү координациялоо менен байланышкан маселелерди жетектөө боюнча функцияларды өзүнүн орун басарларынын бирине жүктөсө, анда ал орун басардын кызматтык жетекчилик көрсөтмөсүндө бардык тиешелүү милдеттер жазылат.
- Кандайдыр бир белгилер боюнча дискриминацияны, зомбулукту же агрессияны жайылтууну жок кылуу максатында мугалимдердин окуу программаларын жана окуу-тематикалык пландарын макулдашат, окууда тышкаркы иш-чаралардын сценарийлери жана программалары менен, аларды өткөрүү технологиялары менен таанышат;

- Сабак өткөрүү учурунда жагымдуу психологиялык абалды түзүүдө мугалимдерге усулдук жардам көрсөтөт;
- Окуучулар жана педагогдор тарабынан тартиптин, эрежелердин жана ченемдердин сакталышына көзөмөл жүргүзүү максатында, ошондой эле окутуудагы жана тарбиялоодогу көйгөйлүү зоналарды түшүнүү үчүн окуу сабактары жана окуудан тышкаркы иш-чараларга катышат;
- Мектепте кабыл алынган жүрүм-турум эрежелеринин жана ченемдерин сакталышы жөнүндө окуучулар, педагогдор, ата-энелер менен сүйлөшүүлөрдү өткөрөт;
- Зомбулук жана дискриминациянын бардык көрүнүштөрү жөнүндө аккумуляциялайт, аны зомбулук аракеттер жана көрүлгөн чаралар тууралуу бардык билдирүүлөр катталуучу атайын журналга (же электрондук базага) жазат;
- Зомбулук же аны жасоо аракеттери болгон учурлар боюнча талдоолорду уюштурат, зарыл болгон учурларда педагогдордон жана окуу жайдын кызматкерлеринен жетекчинин буйругу боюнча түзүлгөн атайын комиссиянын курамында;
- Зомбулук болгон учурларда билим берүү мекемесинин уставына, жүрүм-турум эрежелерине, билим берүү мекемесинин зомбулукка карата саясаты боюнча документине жана зомбулук болгон окуяны иликтөөнү жүргүзгөн комиссиянын мүчөлөрүнүн сунуштамаларына ылайык керектүү чаралардын кабыл алынышын камсыз кылат;
- Директорго зомбулук болгон ар бир окуя тууралуу, анын иликтөөнүн жүрүшү жана көрүлгөн чаралар тууралуу маалымдайт;
- Конфликттерге жана агрессивдүү жүрүм-турумга шыктуу, мурда зомбулуктук аракеттерди жасаган, психоактивдик заттарды колдонууда байкалган, окуучуларга көзөмөл жана байкоо жүргүзөт;
- Жетилүүдөгү өзгөчөлүктөрү бар жана түрдүү инсандык, үй-бүлөлүк, социалдык жана башка факторлордон улам, зомбулукка жана дискриминацияга кабылуу коркунучу өтө жогору болгон окуучулардын окуусуна, жүрүм-турумуна жана социалдашуусуна мониторинг жасоону уюштурат;
- Окуу жайдын директоруна этикалык нормаларды жана ички тартип эрежелерин бузган, зомбулуктук жана дискриминациялык аракеттерди жасаган, окуучуларга карата зомбулук менен байланышкан тарбиялоонун ыкмаларын пайдаланган педагогдорго же кызматкерлерге карата сунуштамаларды даярдайт;
- Уставды, жүрүм-турум эрежелерин одоно бузган учурда, мындан кийин мектепте болуусу башка окуучуларга терс таасир тийгизген, окуу жайдын кадыресе иштешин бузган, зомбулуктук аракеттер жасалган учурда аргасыз дисциплинардык чара катары окуучуну мектептен чыгарууга карата ата-энелер комитетине, эрезеге жете элек балдар менен иштөө боюнча инспекцияга, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына билдирүүлөрдү жана мектеп директоруна сунуштамаларды даярдайт;
- Директор же анын милдеттерин аткаруу жок болгон учурда билим берүүнү башкаруунун жогорку органдарына жана кызматтарга (тез жардам, милиция), окуучулардын ата-энелерине зомбулук болгон окуя тууралуу маалымдайт;
- Директордун орун басары зомбулуктун алдын-алуу жана ага чара көрүү боюнча иштерге кезекчи мугалимди, класс жетекчилерди, психологду, социалдык педагогдорду жана билим берүү мекеменин башка кызматкерлерин тартат.

- Мектептин директоруна этикалык нормаларды жана ички тартип эрежелерин бузган, зомбулуктук жана дискриминациялык аракеттерди жасаган, окуучуларга карата зомбулук менен байланышкан тарбиялоонун ыкмаларын пайдаланган педагогдорго же кызматкерлерге карата сунуштамаларды даярдайт;
- Директор же анын милдеттерин аткаруу жок болгон учурда билим берүүнү башкаруунун жогорку органдарына жана кызматтарга (тез жардам, милиция), окуучулардын ата-энелерине зомбулук болгон окуя тууралуу маалымдайт;
- Директордун орун басары зомбулуктун алдын-алуу жана ага чара көрүү боюнча иштерге кезекчи мугалимди, класс жетекчилерди, психологду, социалдык педагогдорду жана билим берүү мекеменин башка кызматкерлерин тартат.
- Окуучулар менен түздөн-түз байланышты педагогикалык жамаат жүзөгө ашырат. Зомбулукка жол бербөө саясаты ишке ашырылып жаткан мектептерде мугалимдердин кызматтык милдеттемелери атайын жоболор менен толукталат, ага ылайык

**Мугалим, класс жетекчиси төмөнкүлөрдү аткарат:**

- Өзүнүн ишмердүүлүгүндө гумандуу педагогика методдорун, окуучулардын курактык, гендердик, психологиялык жанга физикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык окутуунун жана тарбиялоонун каражаттарын жана формаларын колдонот;
- Окуучулар, ата-энелер, кесиптештер, жетекчилик менен сүйлөшүүдө ички эмгек тартибинин эрежелерин, этикалык нормаларды сөзсүз сактайт, бардык окуучуларга бирдей мамиле жасайт, окуучулардын, алардын ата-энелеринин, үй-бүлө мүчөлөрүнүн улутуна, диний көз караштарына, социалдык статусуна, экономикалык жана үй-бүлөлүк абалга, саламаттыгына, жетилүүдөгү өзгөчөлүктөрүнө, сексуалдык багытталмасына жана гендердик окшоштуулугуна карата сөздөрдү айтууга жана дискриминациялык мүнөздөгү аракеттерге жол бербейт;
- Окуучуларга жана алардын ата-энелерине билим берүү мекемесиндеги жүрүмтурум эрежелери, зомбулукка карата мектептин саясаты тууралуу маалымдайт, зарылдыкка жараша окуучулар менен биргеликте класстагы (топтогу) жүрүмтурум эрежелерин иштеп чыгат;
- Ар бир окуучунун, анын ичинде жетилүүдөгү жана жүрүм-турумундагы өзгөчөлүктөрү бар окуучулардын, жана жалпы эле окуучулар жамаатынын муктаждыктарын, кызыкчылыктарын жана уктарын толук даражада эске алган жагымдуу билим берүүчүлүк чөйрөнү класста калыптандырат жана колдоп турат; окуучулар менен жылуу жага ишенимдүү мамилелерди кармайт;
- Билим берүү программаларынын мазмунун бардык окуучуларга, анын ичинде жетилүүдөгү өзгөчөлүктөрү бар жана жаңы келген окуучуларга, жеткиликтүү болгондой кылып калыптандырат жана анын ишке ашырылышын камсыздайт;
- Сабакты жана сабактын башка формаларын зомбулуктун алдын-алуунун каражаты катары колдонот – сабакта баланын, адамдын уктары, урматтоо, гендердик теңдик, көп түрдүүлүк жана толеранттуулук (башка адамды, башка көз карашты, башка баалуулуктарды, өзүн көрсөтүүнүн формаларын) жана зомбулукту кабылдабоо маселелерин окуучулар менен карап чыгат;
- Окуучулардын жамаатына инсандар аралык конфликттерди, топтордун бөлүнүп түзүлүшүн, түнт, аз сүйлөгөн, эмоционалдык жактан туруктуу эмес окуучуларды , анын ичинде жетилүүдөгү жана жүрүм-турумундагы өзгөчөлүктөрү бар

окуучуларды, бөлүп салуу жана кодулоону эрте аныктоо жана аларга өз убагында жардам жана колдоо көрсөтүү максатында дайыма көзөмөлдөп байкоо жүргүзөт;

- Социалдык педагогду класстагы (топтогу) социалдыкпсихологиялык климатты диагностикалоо жана жакшыртуу үчүн, зомбулук окуяларын талдоо, зомбулукка катышкандар жана башка окуучулар менен сүйлөшүүлөрдү өткөрүү, ата-энелерге кеңеш берүү үчүн чакырат;
- Зомбулук аракеттерди жөнүндөгү маалыматтарды көңүл кош калтырбайт, агрессивдүү жүрүм-турумга бөгөт коёт, чатакташкан тараптарды бөлүштүрөт, узак мөөнөттүү натыйжа берген жана кырдаалды ырбатып жибербеген тарбиялык жана дисциплинардык чараларды көрөт;
- Окуучулардын жүрүм-турумундагы көйгөйлөрдү (агрессиянын же уяндыктын, обочолонуунун, оолактоонун көрүнүштөрү ж.б.) жана аларды жеңип чыгуу боюнча биргелешкен аракеттерди өз убагында ата-энелер менен талкуулашат ;
- Окуучу тарабынан же окуучуга карата зомбулуктук аракеттер жасалган учурда билим берүү мекемесинде бекитилген тартипке ылайык аракеттерди жасайт.

Зомбулук болгон окуялардын алдын-алууда бир кыйла маанилүү ролду көмөкчү кызматкерлер: коопсуздук кызматынын кызматкерлери, медициналык кызматкер, китепканачы, мектеп ашканасынын жумушчулары, гардеробдогу жумушчулар, лаборанттар, катчылар ойнойт. Алар өзүнүн күнүмдүк ишинде окуучулардын формалдык эмес мамилелерине туш болушат, чоңдордун кичинекейлерге, күчтүүлөрдүн алсыздарга карата кыйынсынган учурларына байкоо салууга, “разборкалардын”, мушташтардын, кодулоолордун күбөсү болууга туура келет. **Зомбулукту токтотуу үчүн бул кызматкерлер төмөнкүлөрдү аткара алышат:**

- Мектептин имаратына жана анын аймагына бөтөн адамдардын кирип, ал эми окуучулар андан сабактар аяктаганга чейин чыгып кетпешин карайт;
- Вестибюлда, гердеробдо, мектеп коридорлорунда окуучуларга байкоо салуу жана класс жетекчиге зомбулук болгон окуялар тууралуу, ошондой эле окуучулардын жүрүм-турумундагы зомбулук кылуу же зомбулукка кабылуу боюнча шек саноолорду жараткан учурлар туурасында маалымдайт;
- Чоң кишилердин – педагогдордун, кызматкерлердин, ата-энелердин жүрүмтурумуна байкоо салат; алар тарабынан зомбулук аракеттер жасалган учурда, дароо ал тууралуу директорго кабарлайт;
- Мүмкүнчүлүккө жараша, чатакташкан тараптардын зомбулуктук аракеттерин бөгөттөйт; алардын өмүрүнө жана саламаттыгына коркунуч жаралган учурда алгачкы жардам көрсөтөт жана тез медициналык жардамды чакырат.

Зомбулуктун алдын-алуу жана аны токтотууда техникалык кызматкерлер да – пол жуугучтар, короо шыпыргычтар, электрик, ширетүүчү жана башкалар көмөк көрсөтүшөт.Бул кызматкерлер:

- Окуучуларды, зомбулуктук аракеттердин жасалышы ыктымал болгон, техникалык бөлмөлөргө (жер төлөөлөргө, кампаларда, от жагуучу жайларга, унаа токтотуучу жайларга) жана көздөн далдаа жерлерге (тепкич алдындагы аянтчаларга, тамбурларга, билим берүү мекемесинин аймагынан алыс участокторго) киргизишпейт;
- Мындай жерлерде окуучуларды байкаган учурда, алар бул жерде эмне максат менен чогулгандыгын аныкташат, жана окуучулар ал жерлерден кетишине көз салат;

Дааратканa бөлмөлөрүн, душ жана спорттук кийинүүчү бөлмөлөрдү жыйноодо жана техникалык тейлөөдө окуучулардын жүрүм-турумуна көңүл бурат жана зомбулуктук

аракеттердин болушунан шек санаган учурларда ошол замат кезекчи мугалимге же администраторго кабарлайт.

- Зомбулук менен коштолгон, мушташтардын же башка конфликттик кырдаал кадрдын күбөсү болуу менен, көмөкчү жана техникалык кызматкерлер билим берүү мекемесиндеги бекитилген тартипке ылайык аракеттенишет.

## БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН КОШТООЧУ КЫЗМАТТАРДЫ ТАРТУУ

- Билим берүүчүлүк кызматтардын сапатын жогорулатуу шартында мектепте окутууну индивидуалдаштырууга жана окуучулардын инсандыгына жетилүүсүнө көмөктөшкөн *–социалдык педагог* иштейт. Ал биргелешип иш алып баруу менен билим берүү процессинде ар бир окуучуну комплекстүү коштоо кызматын түзөт, окуучуларга тиешелүү психологиялык, социалдык жана педагогикалык жардамды көрсөтөт жана анын окутуунун жеке маршрутун камсыздайт

Зомбулуктун алдын-алуу үчүн жана конфликттик кырдаалдардын катышуучуларына жардам көрсөтүү максатында **Социалдык педагог** төмөнкү милдеттерди аткарат


- Окуучулардагы жана кызматкерлердеги инсандар аралык баарлашууларындагы, окуу жамаатына адаптацияланусундагы, агрессивдүү жүрүм-турумга же виктимдүүлүккө алып барган маселелерди таанышт жана аларга өз убагындагы социалдык-психологиялык жардамды көрсөтөт;
- Жетилүүдөгү жана жүрүм-турумундагы өзгөчөлүктөрү бар жана зомбулукка, дискриминацияга кабылуу коркунучу жогору болгон окуучуларга. Ошондой эле тартипти бузгандыгы же зомбулук актыларын жасагандыгы үчүн мектептин ички каттоосунда турган окуучуларга системалуу түрдө байкоо салып карап турат; аларга, алардын ата-энелерине, ошондой эле класс жетекчилерине керектүү кеңеш берүүчүлүк жардамдарды көрсөтүп турат;
- Агрессивдүү жүрүм-турумдун алдын-алуу, конфликттик кырдаалдарды чечүү жана алардын катышуучуларына психологиялык жана социалдык жардам көрсөтүү маселелери боюнча педагогдорго, мектептин башка кызматкерлерине, окуучуларга жана алардын ата-энелерине кеңеш берет;
- Сүйлөшүү көндүмдөрүн өнүктүрүү, чатактарды чечүү, эмоцияларды башкаруу жана стресстик кырдаалдарды жеңип чыгуу боюнча атайын сабактарды жана тренингдери билим берүү мекемесинин кызматкерлери, окуучулар, жана алардын ата-энелери менен өткөрүшөт;
- Зомбулук жасалган окуяларды талдоого катышат, жабырлануучунун, зомбулук көрсөтүүчүнүн жана күбөлөрдүн психологиялык абалын баалайт жана аларга керектүү социалдык-психологиялык жардам көрсөтөт; көрсөтмөлөр болгон учурда адискөй психологиялык жана социалдык жардам алуу үчүн жана реабилитациялоодон өтүү үчүн тиешелүү мекемелерге кайрылууга сунуштайт;
- Зомбулуктан жабыр тарткандарга жана тил табышпас кырдаалдын башка катышуучуларына жардам көрсөтүү үчүн дарыгерлик-психологиялык-педагогикалык комиссиялар, психологиялык кызматтар, үй-бүлө жана балдарга социалдык жардам берүү борборлору, калыбына келтирүү борборлору, медициналык кызматтар менен биргелешип өз ара аракеттешет;

- Социалдык педагог зомбулук болгон учурда аракеттердин тартибине жана алгоритмине ылайык аракеттенишет (тиркеме 7). Окуяларды талдоого катышуу менен жана конфликттин катышуучуларына психологиялык, социалдык жана башка жардамдарды берүү менен коштоо кызматынын кызматкерлери конфиденциалдуулукту сакташат жана конфликттин катышуучулары тууралуу жеке мүнөздөгү бардык маалыматтарды сыр бойдон сакташат.

## 2.4. БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКЕМЕНИН БАШКА МЕКЕМЕЛЕР МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТИ

- Зомбулукту натыйжалуу токтотуу жана ага жооп кайтаруу билим берүү мекемесинен система ичиндеги да, ошондой эле мекемелер аралык да өз ара аракеттешүүнү талар кылат. Мындай өз ара аракеттешүүнүн негизинде – улуттук мыйзамдык жана нормативдик база, ошондой эле практика жүзүндө калыптанып калган биргелешип иштешүүнүн мамилелери жана механизмдери жатат.
- Мекемелер ичиндеги өз ара аракеттешүү - билим берүүнү башкаруунун жогору турган органдары менен (райондук/шаардык/областтык), балдар которулуп келген же которулуп барган башка билим берүү мекемелери менен, медико-психологиялык комиссиялар менен, психолого-медико-социалдык коштоо, психологиялык кеңеш берүү борборлору менен ж.б.
- Мекемелер аралык өз ара аракеттешүү –ички иштер органдары менен (милициянын ыйгарым укуктуу өкүлү, эрезеге жете электер менен иштөө инспекциясы), башкаруу органдары жана социалдык коргоо жана саламаттыкты сактоо мекемелери менен (үй-бүлө жана балдарга социалдык жардам борборлору менен, жаштарга дос бейтапканалар менен клиникалар (борборлор) менен ж.б.).
- Аймактык-административдик өз ара аракеттешүү –бул жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары (аймактык администрация, балдар укуктары боюнча ыйгарым укуктуу тарап) менен өз ара аракеттешүү.
- Коомдук (социалдык) өз ара аракеттешүү – балдардын укуктарын коргоо, зомбулукка каршылык көрсөтүү, жабырлануучуларды колдоо, психологиялык жардам көрсөтүү жана башка маселелер боюнча иш алып барган коомдук уюмдар менен өз ара аракеттешүү.

Коопсуз жана жагымдуу билим берүүчүлүк чөйрөнү калыптандырууга таасир тийгизген факторлор.




Каалаган белгилер боюнча дискриминациялоо
Зомбулуктун бир жолку көрүнүштөрү
Физикалык жазалар
Психологиялык зомбулук
Физикалык зомбулук
Сексуалдык зомбулук
Кибербуллинг
Систематикалык зомбулук - буллинг
Гендердик (гендердик негиздеги зомбулуктун түрлөрү)

## Билим берүү мекемесинде зомбулук көрсөтүү учурларын жоюу боюнча уюштуруучулук-жетекчилик чараларды жана маалыматтык-агартуучулук иштерди ишке киргизүүнүн схемасы

### Уюштуруучулук-башкаруучулук чаралар

1. Коопсуздукту жана социалдык-психологиялык климатты сактоо менен кырдаалдыанализдөө
2. Зомбулукка карата билим берүүчү мекеменин саясатын иштеп чыгуу
3. Саясаттын жоболорун уставга кошуу, жүрүм-турум эрежелери, билим берүү мекемесинин кызматкерлеринин кызматтык милдеттери жана аракеттердин алгоритми
4. Зомбулуктун алдын-алуу боюнча билим берүү мекемесинин планын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү
5. Билим берүү мекемесинде психологиялык кызматтын ишин жана башка өнөктөштөр менен өз ара маилелерин уюштуруу

### Маалыматтык-агартуучулук иштер

6. Позитивдүү тарбиялоо, тартипти кармап туруу, зомбулуктун алдын-алуу жана ага жооп кайтаруу маселелери боюнча билим берүү мекемесинин педагогикалык кызматкерлерин даярдоо
7. Натыйжалуу сүйлөшүү, сылык мамиле кылуу жана конфликттерди зомбулуксуз чечүү көндүмдөрүнө окуучуларды үйрөтүү
8. Балдарды тарбиялоо, турмуштук көндүмдөрдү өнүктүрүү жана зомбулуктун алдын-алуу маселелери боюнча ата-энелерге маалымат берүү, окутуу жана кеңеш берүү
9. Зомбулуктун алдын-алуу максатында маалыматтык материалдарды түзүү жана жайылтуу, акцияларды жана иш-чараларды уюштуруу

Билим берүү мекемесиндеги кырдаалды жана социалдык-психологиялык климаттын учурдагы мониторинги

Жумушчу топ

Билим берүү мекемесинин жетекчилиги, кызматкерлери, окуучулар, ата-энелер

бб.м*. – билим берүүчү мекеме